ызКЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ
ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА
СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА

721200, Ноокен району Масы айылы Ленин к.,9
721200, Ноокенский район с.Масы ул.Ленина № 9

17.11.2024 № 26-6/3420

Ноокен аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы
**М.М.Ахмедовго**

## Б И Л Д И Р Ү Ү

Ноокен РИИБдин Тергөө кызматы Сизге, "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 41-беренесинин 6-бөлүмүнүн талабына ылайык Ноокен РИИБдин МЭЖ-на 17.11.2024-жылы № 02-037-2024-002002 саны менен катталып, текшерүүнүн жыйынтыгы менен 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер.1-бөл. 2-п. негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынгандыгын билдирет.

Ошондой эле кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтомду аткаруу үчүн жөнөтөт.

Тиркеме : токтом кылмыш ишини козгоодон баш тартуу ж-дө -2 баракта.

Ноокен РИИБдин
Тергөө кызматынын улук тергөөчүсү
милициянын майору **Б.Бурканов**

02-037-2024-002002-01-001-

# **ТОКТОМ** / ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү** / об отказе в возбуждении уголовного дела

Масы айылы 17.11.2024-ж.г.

Мен, Ноокен РИИБдин Тергөө кызматынын улук тергөөчүсү милициянын майору Б.Бурканов, Ноокен РИИБдин КБРне МЭЖ 02-037-2024-002002 сандуу катталган материалдарды карап чыгып,

## **АНЫКТАДЫМ** / УСТАНОВИЛ:

Ноокен РИИБдин ЭММКАКтын улук ы/ө милициянын майору М. А.Полотв билдирме менен кайрылган, анда: 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кенешине болуп жаткан шайлоо учурундагы интернет айдынында ачык социалдык сайттарды мониторинг жүргүзүү учурунда, өзүн эркин журналист катарында тааныштырган Эламан Карымшаков өзүнүн ютуб каналына 2024-жылдын 17-ноябрь күнү саат 08:58де Кочкор-Ата шаарынын жергиликтүү кеңешине шайлоого байланыштуу “добуш сатып алуу, адм. Ресурс колдонуу боюнча анонимдүү видео келди” деп видео чыгарган. Видеодо чагылдырылган скриншоттордо 2024-жылдын 18-22-24-25-октябрь күндөрү болгондугу комантерийлеринде жазылгандыгы боюнча юридикалык баа берүү үчүн Ноокен РИИБдин МЭЖ каттоого суранган.

Аталган маалымат Ноокен райондук ИИБнүн кылмыштардын бирдиктүү реестрине каттоо номери автоматташтырылган маалыматтык системасына 2024-жылдын 17-ноябрь күнү саат 10:45де №02-037-2024-002002 саны менен катталып, текшерүү иши башталган.

Ошондой эле Ноокен районунун аймагындагы жергиликтүү кенештердин депуттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун №34 чечими боюнча аталган окуя боюнча юридикалык баа берүү үчүн келип түшкөн.

Тергөөгө чейинки текшерүүдө эркин журналист катарында тааныштырган Эламан Карымшаков өзүнүн ютуб каналына жүктөгүн видеону текшерүү учурунда Ноокен районунун Кочкор-Ата шаардык кеңештин депутатыгына ЖАҢЫ КЫРГЫЗСТАН саясий партиясынан талапкер, Кочкор-Ата шаарынын №6 кварталдык комитетинин төрайымы 19.02.1962-жылы туулган Мадылова Ханикей Чуроковнанын, аталган комиттетин домкомдору жана квартал комиттерине үгүттө иштери боюнча кылмыштын курамы аныкталбайт бирок окуя боюнча Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин негизинде чара көрүү маслеси каралууга жатат.

Документ подготовлен в АИС "ЕРП"

Ошондой эле ЖАҢЫ КЫРГЫЗСТАН саясий партиясынан талапкер Элдос Топчубеков тарабынан Кочкор-Ата шаарынын Монтажная көчөүндөгү “Жомок” бала бакчаны жанында үгүт иштери жүргүзүлгөндүгү аныткалды.

Ал эми ЖАҢЫ КЫРГЫЗСТАН саясий партиясынан Кочкор-Ата шаардык кеңешине талапкерлер Асилбек Мамашов жана Азизбек Макеевдер үгүт иштери учурунда футбол түрүндөгү спортук иш-чара жургүзүлгөндүгү жана талапкер Нургазы Абдуразаков тарабынан аш уюштургандыгы туралуу маалымат боюнча текшерүүдө, аталган спортук иш-чара Кочкор-Ата шаарынын 1995-жылы туулган жаштардын арасында “Ынтымак” футбол турнири болгондугу тастыткалды жана анын партиянын эч кандай үгүт иштери болбогондугу тастыкталды.

Ал эми мечиттин жанында эл чогултуп үгүт иштерин жүргүзүп жаткандыгы боюнча маалымат тастыткалган жок.

2011-жылдын 14-июлундагы “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө”Мыйзамынын 41-беренесинин 6-бөлүмүндө “Шайлоочуларынын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан баштап 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүүдөн мурунку күнү түшкөндө - токтоосуз каралууга тийиш”-деп көрсөтүлгөн.

Мындай жагдайларды караганда окуяда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартууга жатат.

**Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып** / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики,

**ТОКТОМ КЫЛДЫМ** / ПОСТАНОВИЛ:

1. МЭЖ №02-037-2024-002002 саны менен катталган тергөөгө чейинки текшерүү материал боюнча, кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.
2. Токтомдун көчүрмөсү Жаңы Кыргызстан саясий партиясынан талапкерлер Мадылова Ханикей Чуроковна жана Элдос Топчубековторго КРнын укук бузуулар кодексинин негизинде чара көрүү жөнүндө маселесин чечүү үчүн Ноокен АШКна жөнөтүлсүн.
3. Токтом менен кызыккан тараптар тааныштырылсын, алардын укук жана милдеттери түшүндүрүлсүн.
4. Токтомдун көчүрмөсү Ноокен районунун прокуроруна жиберилсин.

**Улук тергөөчү:** **Бурканов Б. М.**